*УДК: 316.323.*

***Мурзаев М.С.*** *КББАнын*
*кесиптик билим берүү жана педагогика*
*лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери,*
*психология илимдеринин кандидаты, доцент.*
*Mamatali54@mail,ru*

# К.ИСАЕВДИН «КЫРГЫЗ ТААНУУ ЖАНА УЛУТТУ ӨНҮКТҮРҮҮ» КОНЦЕПЦИЯСЫ

# КОНЦЕПЦИЯ К.ИСАЕВА «КЫРГЫЗОВЕДЕНИЕ И РАЗВИТИЕ НАЦИИ»

# THE CONCEPT OF K. ISAEV "KYRGYZ MAINTENANCE AND DEVELOPMENT OF THE NATION"

***Аннотация.*** *Макалада инсанды социалдаштыруу, анын актуалдуулугу, инсанды социалдаштыруудагы улуттук маданияттын ролу, бүгүнкү күндө улуттук маданияттын негизинде жаш муундарды социалдаштыруунун мазмунун, багыттарын, принциптерин аныктоодо социолог К.Исаевдин "Кыргыз таануу жана улутту өнүктүрүү" концепциясынын ролу, маани-мазмуну ачып берилген.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *социалдаштыруу, кыргыз улуттук маданияты, концепция, кыргыз таануу жана улутту өнүктүрүү, улуттук негизде инсанды социалдаштыруу.*

***Аннотация.*** *В статье рассматриваются актуальность социализации личности, национальные особенности культуры, роль культуры в социализации личности, роль концепции "Кыргыз таануу жана улутту өнүктүрүү" К.Исаева в определении содержании, закономерностей и принципов социализации подрастающего поколения на основе национальной культуры, проблемы развития нации в условиях глоболизации.*

***Ключевые слова:*** *социализация личности, национальная культура кыргызов, концепция, познания национальной особенности культуры кыргызов, развитие нации.*

***Abstract.*** *In this article socialization actuality, national culture peculiarities, the role of culture in human socialization, the conception role of " Kyrgyz cognition and nation development" by K. Isaev in defining regularity and principals of growing generation on the base of national culture and nation development are presented.*

***Key words:*** *socialization, national culture of Kyrgyz, conception, conception of national culture peculiarities of Kyrgyz culture on the base of its development, ,human socialization, social expectations.*

Азыркы кезде ааламдашуунун жана маалымат технологияларынын өнүгүшүнүн натыйжасында маданияттардын карым-катышы күчөп, маданияттардын аралашуусу жана бир түскө келиши (унивикацияланышы) жүрүп жаткан шартта элибиздин социалдаштыруу процессинин өзгөчөлүктөрүн жана жаш муундарды инсан катары социалдаштырууну илимий негизде жүргүзүүнүн жолдорун аныктоону социологиялык аспекттен изилдеп үйрөнүүнүн мааниси чоң.

Республикабыздагы коомдук-саясый, экономикалык-маданий, маалыматтык өзгөрүүлөрдөн улам азыркы учурда жаш муундарды улуттук негизде инсан катары социалдаштыруу актуалдуу.

Социология илимине «социалдашуу» терминин француз социологу Г.Тард киргизген [5]. Социалдашуу процесси алгач Э. Дюркгейм, З. Фрейд, Т. Парсонс, Ж. Пиаже, Э. Фромм, Н. Смелзер ж.б. тарабынан изилденген [4].

Социалдашуу/социалдаштыруу термини (орусча "социализация" латындын - solialis-общественный-коомдук) алгач саясый экономия илиминде колдонулуп, ал жердин, өндүрүштүк каражаттардын "коомдоштурулушу" (обобществление) дегенди билдирген [4].

Жаш муундарды социалдаштыруунун – инсандын коомдогу социалдык тажрыйбаларды, социалдык байланыштардын жана мамилелердин тутумун өздөштү-

рүү процессинин айрым маселелерин изилдөө салты кыргыз илиминде калыптанган.

Кыргыз улуттук маданияттагы инсанды социалдаштыруу салттары педагогикалык аспектен С.Байгазиев, А.Алимбеков, С.Рысбаев, А.Б.Калдыбаева ж.б. тарабынан изилденип келүүдө.

Кыргыз илиминде жаш муундарды социалдаштыруу маселелери жөнүндө сөз козгогондо кыргыз социологиясынын атасы эсептелген Кусеин Исаевдин философиялык жана социологиялык изилдөөлөрүнө атайын токтоло кетүүбүз зарыл.

Көрүнүктүү окумуштуунун коомдун саясый-экономикалык, социалдык-маданий өнүгүү өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү илимий жана публицистикалык макалаларында, кабарчыларга берген интервьюларында улуттун өткөн тарыхы, рухий жана маданий жетишкендиктери, элибиздин улуттук маданиятынын өзгөчөлүгү жана кайталангыстыгы, бүгүнкү күндө коомдо жүрүп жаткан процесстер, андагы көйгөйлүү маселелердин улуттун келечегине тийгизчү залакалары жана келечектеги эл тагдыры, улутту өнүктүрүүнүн идеологиясын, жолдорун аныктоо, жаш муундарды улуттук духта тарбиялоо, муундар ортосундагы байланышты жакшыртуу, каада-салттарды колдонуудагы оош-кыйыштар ж.б.[3] маселелерди талдоого алууда жаш муундарды улуттук негизде социалдаштыруу маселеси кызыл жип сыңары көзөп өтөт. Анын илимий жана публицистикалык макалаларында, кабарчыларга берген интервьюларында республикабыздын коомунда жүз берип жаткан саясый-экономикалык жана социалдык-маданий өзгөрүүлөрдөн жаралган саясый окуялар, социалдык процесстер ж.б. адам турмушуна тийгизген таасирин аныктоо, коомду жана анда жашаган адамдын турмуш-шартын жакшыртуу, маданий-рухий талаптарды өнүктүрүү [2] ж.б. маселелер социологиялык өңүттөн талданып, баа берилип, аларды илимий негизде чечүүнүн жолдору сунушталат.

Биздин пикирибизче, окумуштуунун кыргыз таануу жана улутту өнүктүрүү багытындагы көз караштары өзүнчө бир идеялык тутумду түзгөндүктөн, аларды өзүнчө бир бүтүндүктөгү “Кыргыз таануу жана улутту өнүктүрүү” концепциясы деп атоо туура болот. Антени К. Исаевдин көз караштары бирдиктүү системаны түзгөндүктөн концепциялык белгилерге (элементтерге) ээ.

**КОНЦЕПЦИЯ** — (лат. conceptio) 1) замысел, определяющий стратегию действий при осуществлении реформ, проектов, планов, программ; 2) система взглядов на процессы и явления в природе и в обществе. Жогорудагы концепцияга берилген аныктамага негизденип, К.Исаевдин “Кыргыз таануу жана улутту өнүктүрүү” концепциясынан төмөнкүдөй концепциялык элементтерди, белгилерди ачыктай алабыз:

- кыргыздардын социалдык турмушу жана келечектеги өнүгүүсү жөнүндөгү илимий жана публицистикалык макалаларында, интервьюларында чагылдырылган көз караштар, идеялар автордун өзүнө гана мүнөздүү болгон билимдердин, түшүнүктөрдүн, көз караштардын, идеялардын системасы экендиги;
- кыргыз таануу- кыргыз элинин тарыхый өнүгүш өзгөчөлүктөрүн таанып билүү аркылуу улуттун бүт өзгөчөлүктөрүн, маданиятынын кайталангыстыгын (улуттук мүнөзүн, менталитетин, адаттарын, жашоо образын, нарк-насилин, ишенимин ж.б.) таанып билүү жана аларга негизденип улутту өнүктүрүүнүн багыттарын, жолдорун, механизмдерин аныктоо боюнча көз караштарынын системасы;
- улутту өнүктүрүү - тарыхый өнүгүүдө улут жараткан өзүнүн өнүгүү жолуна (негизденип) таянып, бүгүнкү күндүн талаптарына (демократиялык коомду түзүү, базар мамилесинде жашоо, алдынкы илим-билимге, өнөр жай технологияларына ээ болуу, бирок улуттун өз өнүгүүсүнүн нугун сактап калуу ж.б.) ылайык улуттун өнүгүүсүн камсыз кылуу идеясынын системдүүлүгү;
- концепциядагы өзөккү багыттар кыргыздардын кандай эл болгондугу, элдин тарыхый өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, азыркы кезде коом өтө ыкчамдык менен өнүгүп-өзгөрүп жаткан шартта кыргыз эли кандай багытта жана мазмунда өнүгүшү зарыл экендиги ачып көрсөтүлгөндүгү;
- кыргыз таануунун негизинде улутту өнүктүрүүнүн философиялык-социологиялык аспектеги теориялык-методологиялык принциптеринин, механизмдеринин, мыйзамченемдүүлүктөрүнүн аныкталышы жана сунушталышы.

Концепциянын өзөгүн кыргыздардын дүйнө түшүнүүсүн, дүйнө кабылдоосун, жалпы эле улуттук менталитетинин өзгөчөлүктөрүн таанып-билүү аркылуу улуттун өнүгүшүнүн келечек багыттарын, жолдорун жана мазмунун аныктоо, улуттун заман талабына ылайык өнүгүүсүн ишке ашыруу маселелери түзөт.

К.Исаевдин “Кыргыз таануу жана улутту өнүктүрүү” концепциясы социологиялык аспектеги гана ой толгоолор болбостон, терең мазмундуу философиялык көз караштар тутуму, кыргыздардын өткөнү менен бүгүнкүсүн жана эртеңки келечегин байланышта караган философиялык жана социологиялык ойлордун системасы болуп саналат.

Концепциянын мазмунун ааламдашуу мезгилинде кыргыз элинин саясый-экономикалык, социалдык-маданий турмушу өзгөрүүлөргө учурап жатышынан жаралган социалдык (жумушсуздук, жакырчылык, алдым-жуттумдук ж.б.) жана руханий (коомдогу рухий тарбиянын төмөндөшү, кайдыгерлик, көңүл коштук, өз кызыкчылыгын баарынан жогору коюу, ыймансыздыктын жана алсызга зомбулуктун күчөшү ж.б.) көйгөйлөрдү жоюу, улутту сактап калуу жана өнүктүрүү идеялары жана аларды илимий негизде чечүү [3] багытындагы сунуштар түзөт. Ал сунуштарды жаш муундарды улуттук маданияттын негизинде инсан катары социалдаштыруунун улуттук идеясы катары кароого болот.

Бүгүнкү күнгө чейин Кыргыз Республикасында улуттук идеологиянын иштелип чыга электигинен, чейрек кылымдан бери ар башка өлкөлөрдү туурап, өлкөнүн өнүгүү багытын аныктап (“жакында өлкөбүз Швецарияга айланат” ж.б.) демократиялуу өлкө куруу, англо-саксондук өнүгүү жолун туурап (кайталап) мыйзамдарды кабыл алуу ж.б. натыйжасында улуттук өнүгүү жолубузду аныктай албай келе жатабыз. Элибиздин тарыхый өнүгүүдө жетишкен көчмөндүк демократия, элди адилет башкаруу, эл башчыларынын элдин келечегин ойлоп иш тутуу салттарын ж.б. четке сүрүүнүн натыйжасында алдым-жуттум, өз кызык-

чылыгын эл кызыкчылыгынан жогору койгон, алысты көрө албаган, жетелеме, мажирөө саясый элитага; эл тагдырына көңүл кош, кайдыгер, өз башын ойлогон, көр тирилик менен алек болгон, аракеч, жетелеме, өз улутунун келечегин ойлобогон муундарга ээ болуп олтурабыз. Коомубуздагы мындай терс көрүнүштөрдөн арылуунун жолу К.Исаевдин концепциясынын мазмунун түзөт.

Кыргыз коомунда эл үчүн күйүп бышкан, элдин кызыкчылыгын ойлоп иш туткан жаңы муунду, өлкө үчүн ак дилден кызмат кылчу саясый элитаны, улуттун өнүгүүсүнө, өлкөнүн саясый жана экономикалык жактан чыңдалышына өз салымын кошууга умтулган, эмгекчил жана мекенчил муунду тарбиялашыбыз өтө зарыл болуп саналат. Ал үчүн жаш муундарга бүгүнкү күндө адамзат ээ болгон алдынкы илим-билимди, өнөр жай технологияларын колдонууну жана алдынкы эмгек тажрыйбаларына ээ болууга үйрөтүү менен бирге аларды улуттук унгусун (баалуулуктарын, нарк-насилин ж.б.) туу тутуп жашоого үйрөтүүбүз керек. Анткени Бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндө жүрүп жаткан коомдук-социалдык процесстер биздин коомго да өз таасирин тийгизип, кыргыз элинин улуттук өзгөчөлүктөрүнүн (баалуулуктарынын, нарк-насилинин ж.б.) түп тамырынан өзгөрүшүнө алып келип жаткандыктан, жаш муундарды улуттук нукта социалдаштырууда замандын талаптарын, цвилизациянын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарыл болуп саналат. Ошондо гана постиндустриялык коомдогу өзүбүздүн улуттук өнүгүү жолубузду аныктоого, жаш муундарды заманбап жана улуттук негизде социалдаштырууну ишке ашырууга жетише тургандыгыбыз концепциянын мазмунунда чагылдырылган.

Концепция улутту өнүктүрүүдөгү негизги маселе коомдогу идеологиялык, саясый-экономикалык, социалдык-маданий жана ыймандык туруксуздук мезгилде улуттук өнүгүү багытын ар тараптан ачып бергендиги менен баалуу.

К.Исаевдин "Кыргыз таануу жана улутту өнүктүрүү" концепциясы узак кылымдарда калыптанган улуттук маданиятыбыздагы инсанды социалдаштыруу салттарын пайдаланып жаш муундарды социалдаштырууну ишке ашырууда улуттун кечегиси менен бүгүнкүсүн диалектикалык байланышта кароо эң башкы маселе болуп, көптөгөн кылымдар бою улутубуздун сакталышына жана өнүгүшүнө негиз болгон ата-бабалардын баалуулуктарын, көөнөрбөс салттарын жаш муундарга үйрөтүү аркылуу гана коомубузда жүз берип жаткан көйгөйлөрдөн арылып, элибизди өнүгүүгө алып келе тургандыгыбызга ынандырат.

Жыйынтыктап айтканда, бүгүнкү күндө коомубузда жүрүп жаткан социалдык процесстер жаш муундарды улуттук негизде социалдаштыруу талабын жаратууда. Азыркы кезде коомубузда жүз берип жаткан көйгөйлүү маселелерди чечүүдө кыргыз улуттук маданияттагы инсанды социалдаштырууну изилдөө, аларды илимий негизде пайдалануунун принциптерин, механизмдерин технологияларын аныктоо жаш муундарды улуттук негизде социалдаштырууга мүмкүнчүлүк жаратат.

К.Исаевдин кыргыз таануу жана улутту өнүктүрүү багытындагы көз караштарынын, идеяларынын мазмунун кыргыздардын көп кылымдарда калыптанган жашоо образын, нарк-насилин, баалуулуктарын, рухий дүйнөсүн, тутунган баалуулуктарын талдоо аркылуу алардын бүгүнкү күндө трансформацияланып жатышынын себептерин жана андан келип чыккан натыйжаларды ачып көрсөтүү, чечмелеп түшүндүрүү менен бирге, коомдогу жан кейиткен рухий жана социалдык проблемаларды илимий негизде чечүү боюнча сунуштар түзөт.

Аталган концепция улуттук маданияттагы инсанды социалдаштыруу маселелерин коомдук-социалдык багыттагы илимдер тарабынан изилдөөгө алууда методологиялык негиз катары кызмат кылат.

***Адабияттар***

1. *Борисов А.Б. Большой экономический словарь. — М.: Книжный мир, 2003. — 895 с.*
2. *Исаев К.И. Кыргыз социологиясы: өткөнү, түптөлүшү, келечеги. Б., 2009 -191 б.*
3. *Исаев К.И. Кыргыз таануу маселелери: илимий-публ.макалалар жыйнагы. Экинчи басылыш. Б., 2016. -476 б.*
4. *Мурзаев М.С. Кыргыз элинин психологиялык маданияты жана инсанды социалдаштыруу салттары. // Известия КГУ им. И.Арабаева. № 1, 2012. 117-119-бб.*
5. *Кыргыз улуттук маданияттагы инсанды социалдаштыруу (социологиялык талдоо) (монография). - Б., 2017. -200 б.*